Глобалдашуу — кайтарылгыс процесс. Ал улуттук маданияттарды жок кылууга эмес, жаңы шартта кайра калыптандырууга түрткү берет. Улуттук нарк статикалык эмес, динамикалык кубулуш болгондуктан, ал заман талабына ылайык өнүгүүгө жөндөмдүү. [6]

Кыргыз коомунда маданий иденттүүлүктү сактоо тарыхый мураска таянуу, билим берүү системасын өркүндөтүү, адабият жана искусствону колдоо, санариптик технологияларды пайдалануу аркылуу ишке ашырылышы абзел.

Демек, “Улуттук нарк – дүйнөлүк бийиктик” концепциясы- улуттук өзгөчөлүктү сактоо менен бирге дүйнөлүк цивилизацияга татыктуу салым кошууну максат кылган стратегиялык багыт. Улуттук тамырын сактаган коом гана глобалдык мейкиндикте өз ордун таба алат.

Пайдаланылган адабияттар:

1. **Абдылдаев Э.** Манас эпосу жана кыргыз дүйнөтаанымы. — Бишкек, 2010. — 250 б.
2. **Айтматов Ч.** Чыгармалар жыйнагы. — Бишкек: Кыргызстан, 2008. — 720 б.
3. **Гидденс А.** Модерндүүлүктүн кесепеттери. — Стэнфорд: Stanford University Press, 1990. — 186 б.
4. **Дюркгейм Э.** Коомдогу эмгектин бөлүнүшү. — Нью-Йорк: Free Press, 1997. — 354 б.
5. **Ибраимов К.** «Манас» эпосу — кыргыз элинин рухий феномени // Азаттык үналгысы. — 18.10.2024. — 3 б. (макала).
6. **Ритцер Г.** «Эч нерсенин» глобалдашуусу. — Thousand Oaks: Pine Forge Press, 2004. — 305 б.
7. **Робертсон Р.** Глобалдашуу: социалдык теория жана глобалдык маданият. — Лондон: Sage Publications, 1992. — 211 б.
8. **Хантингтон С.** Цивилизациялардын кагылышы жана дүйнөлүк тартипти кайра түзүү. — Нью-Йорк: Simon & Schuster, 1996. — 367 б.

УДК 821.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.586**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН АДАМЗАТКА БОЛГОН СООЛУБАС СҮЙҮҮСҮ

Жантаев Адилбек Сүйүндүкович –
филология илимдеринин доктору, профессор, башкы илимий кызматкер,
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясы
Ысакбаева Зинат Турдубековна –
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарын кампусу
Даткабекова Жазгүл Асылбековна –
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарын кампусу

НЕИССЯКАЕМАЯ ЛЮБОВЬ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА К ЧЕЛОВЕЧЕСТВУ

Жантаев Адилбек Суйундукович –
доктор филологических наук, профессор, главный научный сотрудник,
Национальная академия наук при Президенте Кыргызской Республики
Ысакбаева Зинат Турдубековна –
кандидат филологических наук, и.о. доцента,
Нарынский кампус Кыргызскогой национального университета имени Ж. Баласагына

Даткабекова Жазгул Асылбековна –
кандидат филологических наук, и.о. доцента,
Нарынский кампус Кыргызскогой национального университета имени Ж. Баласагына

CHINGIZ AITMATOV'S INEXHAUSTIBLE LOVE FOR HUMANITY

Adilbek Suyundukovich Zhantayev –
Doctor of Philological Sciences, Professor, Chief Researcher,
National Academy of Sciences under the President of the Kyrgyz Republic
Zinat Turdubekovna Ysakbaeva –
Candidate of Philological Sciences, Acting Associate Professor,
Naryn Campus of J. Balasagyn Kyrgyz National University
Zhazgul Asylbekovna Datkabekova –
Candidate of Philological Sciences, Acting Associate Professor,
Naryn Campus of J. Balasagyn Kyrgyz National University

Аннотация

Бул макалада XX-XXI кылымдардын көрүнүктүү сүрөткери Чыңгыз Айтматовдун бүтүндөй чыгармачылык жолуна сереп салынат. Авторлор улуу жазуучунун чыгармачылык изденүүлөрүнүн негизги багытын аныкташат, анын сөз чебери катары өнүгүүсүнүн негизги этаптарын айкындашат. Алар сүрөткердин баалуулуктук багыт алууларын жана гуманисттик ой жүгүртүүсүн, ошондой эле анын чыгармаларында чагылдырылган түбөлүк баалуулуктарды көрсөтүүгө умтулушат, бул үчүн устаттын туундуларынан мисалдарды алышып, анын көркөм жаралгаларын талдоого кайрылышат. Чынында эле, Ч. Айтматов өзүнүн ар бир чыгармасында учурдун актуалдуу маселелерин козгоп, аларды жалпы адамзаттын деңгээлине көтөргөн. Ал адамзатка сүйүү менен мамиле кылган, анын келечегине ишенген жана көп жагынан карапайым адамдардын рухунун күчүн көрсөтүп, өз доорунун татаал бурулуштарын кейипкерлеринин тагдыры аркылуу ачып берген. Анын чыгармаларында адамгерчиликке чакыруу улам күчтүүрөөк жаңырып, анын гуманизми жана адамга болгон сүйүүсү улам ачыгыраак көрүнгөн. Дал ушуну менен ал бүткүл дүйнөдөгү миллиондогон адамдардын жактыруусуна татыктуу жеңип алып, ошол эле учурда улуу гуманист ойчул болуп калган.

Түйүндүү сөздөр: *Ч. Айтматов, гуманизм, жакшылык, акыйкаттык, сулуулук, адабият, сүйүү, адеп-ахлактык тандоо, тагдыр, адамга болгон сүйүү, адамзат, баалуулуктар, баалуулуктук багыт алуу.*

Аннотация

В статье сделан обзор всему творческому пути выдающегося художника XX-XXI веков Чингиза Айтматова. Авторы определяют главное направление творческих исканий великого писателя, устанавливают основные вехи, этапы его становления и развития в качестве мастера слова. Они стремятся показать ценностную ориентацию и гуманистическое мышление художника, вечные ценности, которые отражены в его произведениях, для этого прибегают к анализу его художественных творений, беря примеры из сочинений мастера. В действительности, Ч. Айтматов в каждом своем произведении затрагивал актуальные проблемы современности, поднимая их до уровня общечеловеческих. Он был полон любви к человечеству, верил в его будущее, и во многом показал силу духа простых людей, раскрывая через судьбы своих персонажей сложные перипетии своей эпохи. В его произведениях все сильнее прозвучал призыв к человечности, все яснее проступал его гуманизм и человеколюбие. Именно этим он заслуженно завоевал симпатию миллионов людей по всему миру, становясь в то же время великим мыслителем-гуманистом.

Ключевые слова: *Ч. Айтматов, гуманизм, добро, истина, красота, литература, любовь, нравственный выбор, судьба, человеколюбие, человечество, ценности, ценностная ориентация.*

Abstract

This article provides an overview of the entire creative career of Chingiz Aitmatov, an outstanding artist of the 20th and 21st centuries. The authors identify the main direction of the great writer's creative pursuits, identifying the key milestones and stages of his development as a master of words. He seeks to demonstrate the artist's value orientation and humanistic thinking, as well as the eternal values reflected in his works, using examples from the master's writings to do so. Indeed, in each of his works, Chingiz Aitmatov addressed pressing contemporary issues, elevating them to the level of universal humankind. He was filled with love for humanity, believed in its future, and in many ways demonstrated the strength of spirit of ordinary people, revealing the complex vicissitudes of his era through the destinies of his characters. His works increasingly resonated with a call to humanity, and his humanism and love for humanity became increasingly evident. It is precisely this that has earned him the deserved sympathy of millions of people around the world, while at the same time becoming a great humanist thinker.

***Key words**: Ch. Aitmatov, humanism, goodness, truth, beauty, literature, love, moral choice, fate, philanthropy, humanity, values, value orientation.*

Киришүү. Улуу жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы туурасында маалыматтын ачык булактарында жетишерлик арбын материал жайгаштырылган. Ошентсе да Чыңгыз Айтматовдун турмуш жолунун айрым фактыларына токтоло кетели.

Биринчиден, анын атасы Төрөкул Айтматов дагы, апасы Нагима Абдувалиева дагы өз доорунун билимдүү өкүлдөрү болушкан. Андыктан ата-эне катары балдары жакшы өсүп жетилип, жаңы мезгилдин, жаңы социалисттик коомдун талаптарына ылайык инсан болушсун үчүн аларга мыкты билим берүүгө аракеттенишкен. Ч. Айтматовдун чыгармачылык шыгынын ойгонуусу үчүн түрткү болгон себептердин алгачкысы ушул.

Экинчиден, Чыңгыз Айтматов өзү да жетиштүү деңгээлдеги билимдерге ээ болгон. Биз ал Жамбулдагы зооветтехникумду, андан соң Фрунзедеги Кыргыз айыл чарба институтун, кийин Москвадагы А. М. Горький атындагы Адабият институтундагы адабий курстарды аяктаганын билебиз. Кийинки окуу жайга ал жазуучу катары таанылып калганда ошол кездеги Кыргыз ССРинин Жазуучулар союзунун төрагасы А. А. Салиев жолдомо берип жөнөткөн. Эгерде ал бул курстардан билим албаса, көркөм чыгармачылыкты жашоо үчүн каражат табуунун булагына айлантышкан он миңдеген ортозаар калемгерлердин бири болмок деген пикир бар. Бул анын көркөм дүйнөгө кадам таштоосуна түрткү болгон экинчи себеп.

Ч. Айтматовду чыгармачылык ишке түрткөн үчүнчү бир себеп, калемгердин өзүнүн баштан кечирген жашоо-турмушу. Анын үлүшүнө көптөгөн сыноолор туш келген, ал бала чагынан турмуштун оомал-төкмөлдүгү менен кагылышкан. Атасы камакка алынып, атылган. Чыңгызга жаш чагынан айылдык кеңештин катчысы, мугалим, финансы агенти, комбайнёрдун жана трактористтин жардамчысы болуп эмгектенүүгө туура келген. Ал жетишерлик турмуштук тажрыйба топтогон, көптөгөн турмуштук драмалар менен трагедиялардын күбөсү болгон, ушунун баары кийин анын көркөм туундуларына материал болуп берген. Заманыбыздын улуу сүрөткеринин калыптануусу жана өнүгүүсү ушундайча болуп өткөн.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармачылык ишмердүүлүгүн прозанын чакан жанры болгон аңгемеден баштаган. Ал бардыгы болуп он эки аңгеме жазган. Алар төмөнкүлөр: «Гезитчи Дзюйо» (1952), «Ашым» (1952), «Биз мындан да ары барабыз» (1952), «Сыпайчы» (1953), «Кайрак жерде» (1954) (булар орус тилинде жарык көргөн), «Ак жаан» (1954), «Түнкү сугат» (1955), «Асма көпүрө» (1955) (булар кыргыз тилинде жарыяланган), «Кызыл алма» (1964, орус тилинде басылган), «Атадан калган туяк» (1968, кыргыз тилинде басылган), «Уулу менен жолугушуу» (1964, орус тилинде жазылып, адегенде англис жана француз тилдеринде чыккан), «Кайрылып куштар келгенче» (1972, кыргыз тилинде чыккан).

XX кылымдын 50-жж. аягында Чыңгыз Айтматов повесть жанрына өткөн. Ал бардыгы болуп он бир повесть жазган. Алар төмөнкүлөр «Бетме-бет» (1957), «Жамийля» (1958) (булар кыргыз тилинде жазылган), «Ботогөз булак» (1961), «Делбирим» (1961) (булар орус

тилинде жазылган), «Биринчи мугалим» (1961), «Саманчынын жолу» (1963) (булар кыргыз тилинде жазылган), «Гүлсарат» (1966), «Ак кеме» (1970), «Эрте келген турналар» (1975), «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» (1977), «Чыңгызхандын ак булуту» (1990) (булар орус тилинде жазылган).

XX кылымдын 80-жж. Чыңгыз Айтматов роман жанрына өткөн. Ал баш-аягы төрт роман жазган. Алар төмөнкүлөр: «Кылым карытар бир күн» (1980), «Кыямат» (1986), «Кассандра тамгасы» (1994), «Тоолор кулаганда» (2006) (бардыгы орус тилинде жазылган).

Чыңгыз Айтматов башка чыгармачыл инсандар менен авторлошуп бир нече чыгармаларды жазган. Алар төмөнкүлөр: «Фудзиямада кадыр түн» (1973, драма, К. Мухамеджанов менен), «Рухтун улуулугуна ода» (1991, диалог-китеп, Д. Икэда менен), «Сократты эскерүү түнү, же Маңгыбаш терисинин үстүндөгү сот» (1994, драма, М. Шаханов менен), «Аскада калган аңчынын ыйы» (1997, диалог-китеп, М. Шаханов менен). Ошентип, Ч. Айтматов кесиптештери менен биргелешип да жемиштүү эмгектенген.

Чыңгыз Айтматовдун дагы бир кызыктуу китеби бар, аны автобиографиялык аңгемелердин жыйнагы деп атоого болот: «Кыргызстандагы балалык» (1998, немец тилинде чыккан). Анан китеп түрк тилине которулуп, түркчөсүнөн кыргыз тилине оодарылып, 2002-жылы Стамбулдан кыргыз тилинде чыккан.

Жогоруда айтылгандан биз калемгердин чыгармачылык жолу жемиштүү болгонун, ал чоң бийиктиктерге жетише алганын билебиз. Аны тирүүсүндө эле «Адамзаттын Айтматову» деп аташкан. Улуу жазуучу 2008-жылы 10-июнда көз жумган. Жыл сайын 12-декабрда – жазуучунун туулган күнүндө Кыргыз Республикасында Улуттук адабияттын күнү белгиленет. Бул анын жаркын элесине болгон урмат-сыйдын күбөлүгү болуп саналат.

Материалдары жана усулдары. Бул макалада заманыбыздын залкар калемгери Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы баалуулуктук аспектте талдоого алынат, сүрөткердиин адамзатка болгон соолубас сүйүүсүнө, анын гуманисттик дүйнөкөрүмүнө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Изилдөөнүн материалдары катары 2024-жылы Бишкектен басылып чыккан жазуучунун чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы кызмат өтөдү. Ошондой эле белгилүү адабиятчылардын Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын ар түрдүү кырларына багышталган илимий эмгектери колдонулду. Сүрөткердин көп кырдуу көркөмдүк ишмердүүлүгүн иликтөөдө анализ, синтез, салыштыруу жана акыл корутундусу өндүү изилдөө усулдары пайдаланылды. Негизинен изилдөө салыштырма-тарыхый жана аксиологиялык методологияларга таянуу менен жүргүзүлдү.

Адабияттарга сереп. Эми Чыңгыз Айтматовдун аңгемелерине, повесттерине жана романдарына сереп жүргүзүүгө өтөбүз. Ал эми калемгердин публицистикасы менен драматургиясы жөнүндө сөз кылбайбыз. Анткени, жазуучунун гуманисттик көз караштарын, анын баалуулуктук багыт алуусун ачуу үчүн прозалык туундуларына кайрылуу эле жетиштүү болот деген пикирдебиз.

Алгачкы аңгемесинде – «Гезитчи Дзюйодо» япон элинин согуштан кийинки айласыз абалы баяндалат, кичинекей Дзюйонун мисалында элдин тынчтык үчүн күрөшү сыпатталат, демек жазуучу башкы орунга бүткүл планетадагы тынчтыкты коёт, ал үчүн тынчтык эң бийик баалуулук болуп саналат [1, 29-26-б.]. «Ашым» аңгемесинде жер жүзүндөгү тынчтык темасы улантылат, анын башкы кейипкери Ашым карыя согушта жалгыз уулунан айрылган, айылдаштары тынчтык үчүн кол чогултушканда, ал Бүткүл дүйнөлүк Тынчтык Кеңешине Кайрылууга биринчи болуп кол коёт [1, 37-48-б.]. Чындыгында, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин тынчтык темасы актуалдуу болчу, тынчтык баалуулук катары алдыңкы планга чыккан, анткени Улуу Британия менен АКШ СССРди жок кылууну пландаштырышкан. Ал эми «Биз мындан да ары барабыз» аңгемесинде Волга-Дон каналынын курулушу баяндалат, экскаваторчу Самсалы өзүнүн талыкпаган эмгеги менен каналды колдонууга берүүнү тездетет, ошентип жазуучу эмгекти эң маанилүү баалуулук катары болуп көрсөтөт [1, 48-59-б.]. Кийинки аңгемеде – «Сыпайчы» эмгек темасы улантылат, негизги кейипкерлер – Бекназар менен Алымбектин карама-каршы көз караштары аркылуу эмгек баалуулугуна карата мамиленин өзгөрүүсү ачылат, сууну колдонуу ишинде жүрүп жаткан кайра куруулар

көрсөтүлөт [1, 60-79-б.]. «Кайрак жерде» аңгемесинде ак эмгек идеясы астыга коюлат, автор адамдардын жашоо ишмердүүлүгүндөгү эмгектин баалуулуктук маанисине көңүл бурат, агроном Чормонов жана жаш тракторист Эралы эмгек мамилелеринин чынчылдыгы үчүн күрөшүшөт [1, 80-88-б.]. «Ак жаан» аңгемесинде адамдардын ортосундагы жаңы мамилелер сыпатталат, жаш үй-бүлө Саадат менен Касымжан жаңы муундун өкүлдөрү катары чыгышат, алар үчүн эмгек жашоодогу негизги баалуулук болуп саналат, ал эми калемгер үй-бүлө баалуулугуна көңүл бурат [1, 89-105-б.]. «Асма көпүрө» аңгемесинде эмгек түзүүчү, коомду өзгөртүүчү баалуулук катары чыгат, ошол эле учурда башкы кейипкердин – Нурбектин жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан инсан ичиндеги конфликт көрсөтүлөт [1, 106-144-б.]. Ал эми «Түнкү сугат» аңгемесинде кейипкерлердин инсан аралык конфликти баяндалат, Сабырбек менен Каратай атаандаш катары чыгышат, бул жерде да басым ак эмгекке жасалат [1, 145-173-б.]. «Кызыл алма» аңгемесинде сүйүү, үй-бүлөлүк мамилелер алдыңкы планга чыгышат, сүрөткер адам үчүн баалуулук катары үй-бүлөнүн маанисин көрсөтөт, аңгеменин башкы кейипкери – Исабеков акыры мына ушуну түшүнөт [1, 174-192-б.]. «Атадан калган туяк» аңгемеси автордун толук үй-бүлөнүн мааниси жөнүндө идеясын улантат, аңгеменин кейипкери – кичинекей Авалбек өз атасын эч качан көргөн эмес, ал аталуу болууну абдан каалайт. Калемгер үчүн бала – чыгарманын кейипкери гана эмес, ал чоң кишинин адеп-ахлактык деңгээлинин, анын балдарды сүйүү, түшүнүү жана кам көрүү билгичтигинин чен-өлчөмү дагы [1, 210-222-б.]. «Кусалык» («Уулу менен жолугушуу») аңгемесинде Чодрон карыя уулу Султанды «Адам бол, уулум! Кайда гана болбо, адам бол! Дайыма адам бойдон кал!» деген бата сөзү менен майданга узатат. Бул жерде адамгерчилик башкы орунга коюлат, демек жазуу үчүн адам – чыныгы баалуулук [1, 193-210-б.]. «Кайрылып куштар келгенче» аңгемеси калемгердин өмүр менен өлүмгө болгон мамилесин көрсөтөт. Эркектер ойроттор менен согушка кетишкен, карылар, аялдар жана балдар калышкан, анан он жети жашар Алмаш каза болот, Сеңирбай менен Кертолгоо баштаган адамдар кыйынчылыкка карабай, аны акыркы сапарга татыктуу узатууга камынышат, ошон үчүн алар адамдар да, өлгөндү көмүүнү жана аза күтүүнү унутууга болбойт [1, 223-236-б.]. Ошентип, калемгер алгачкы аңгемелеринен баштап эле адамды биринчи орунга чыгарат, ал үчүн адам, анын өмүрү, эмгеги, ал түзгөн үй-бүлө түбөлүктүү баалуулуктар болуп саналат. Бул сүрөткердин чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн эң башынан тартып эле анын туундулары аксиологиялык манызга ээ болушканын ачык көрсөтөт. Ар бир жаңы аңгемеси менен жазуучунун чеберчилиги артып, ал көтөргөн проблемалардын диапазону кеңейет.

Эми Чыңгыз Айтматовдун повесттери тууралуу сөзгө өтөлү.

«Бетме-бет» повестинде негизги кейипкерлер – Ысмайыл менен Сейде, өз жосундары, сөздөрү менен адам жашоосундагы башкы баалуулуктарга карата мамилелерин көрсөтүшөт. Ысмайыл кара башын аман алып калуу үчүн кан майдандан качып келген. Ал үчүн башка адамдардын өмүрү мааниге ээ эмес, ал жесир менен жетимдердин жалгыз уюн уурдап алганда, андагы адамгерчилик өлөт. Ал эми Сейде анын бул пастыгы менен бетпактыгын кечире албайт, ал бардык адамдарга жакшылык каалайт. Ошентип, бул экөөнүн баалуулуктук багыт алууларын салыштыруу чыгармага бийик идеялык-көркөмдүк маани берет [1, 257-340-б.]. «Жамийла» повестинде адамдардын өмүрүндөгү башкы баалуулук сүйүү болуп чыгат, Жамийла сүйүү үчүн үй-бүлөдөн кечет, анткени ал сүйүүсүз эле турмушка чыккан. Жазуучу Жамийла менен Даниярдын ортосунда пайда болгон сүйүүнү жашоого, элге, Ата Журтка болгон сүйүү темасы менен тыгыз биримдикте карайт [1, 341-408-б.]. «Ботогөз булак» повестинин негизине жакшылык менен жамандыктын ортосундагы күрөш салынган, бул Кемел менен Абакирдин адеп-ахлактык конфликти аркылуу көрсөтүлөт. Чыгарманын аягында окурман бул кармашта жеңишке күч-кубаттуу Абакир эмес, кыялкеч, намыскөй улан Кемел жеткенин түшүнөт [1, 409-448-б.]. «Делбирим» повести башкы кейипкерлердин – Илияс менен Аселдин ортосундагы татаал өз ара мамилелерди баяндайт. Эки кейипкер тең оң сапаттарга ээлик кылышат. Бирок алар өздөрүнүн терең жана тунук сүйүүсүнүн, өздөрү түзгөн үй-бүлөнүн баалуулугун аңдай жана аларды сактай алышпайт [2, 4-111-б.]. «Биринчи мугалим» повестинде сабатсыздыкты жоюу жүрүп жаткан

мезгилдер жөнүндө айтылат. Повесттин кейипкери – Дүйшөн – өз айылында мектеп ачат жана балдардын кат-сабатын жоёт. Ал жетим кыз Алтынайды татыктуу билим алсын үчүн шаарга жөнөтөт. Сүрөткер билим адам менен коомдун турмушундагы маанилүү баалуулук экенин жакшы түшүнгөн [2, 112-162-б.]. «Саманчынын жолу» повести планетанын бардык адамдарын жаңы согушту ачууга камынгандарга каршы болгон күчү менен күрөшүүгө чакырат. Согуштун айынан үч уулу менен күйөөсүнөн, анан келининен айрылган эненин зор трагедиясын бүткүл адамзатка жеткирүү үчүн, жазуучу Жер-Эненин шарттуу элесин түзөт. Бул чыгармада өмүр, үй-бүлө, эмгек жана тынчтык өндүү баалуулуктар чоң роль ойношот [2, 163-267-б.]. Ал эми «Гүлсарат» повести курч социалдык пландагы чыгарма болуп саналат. Анда жакшылык менен жамандык, акыйкаттык менен жалгандык баалуулуктарынын күрөшү көрсөтүлгөн, калемгер социалдык конфликттер менен карама-каршылыктардын түп маңызына сүңгүй алган [2, 268-461-б.]. «Ак кеме» повестинде да жакшылык менен жамандыктын күрөшү орун алат, ошол эле мезгилде адамдык башталмалардын кыйроосу, инсандык деградация сыпатталат. Ошондой эле автор табиятты сактоо, адам менен табияттын өз ара мамилелери проблемасына көңүл бурат [3, 4-149-б.]. «Эрте келген турналар» повести адамдын эмгегин даңазалайт. Чыгармада сүйүү, үй-бүлө, жакшылык жана жамандык жөнүндө да кеп болот [3, 150-258-б.]. Ал эми «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт» алдыңкы планга адамдын өмүрү жана өлүмү проблемасын, оор турмуштук кырдаалдагы адамдын адеп-ахлактык тандоосу маселесин чыгарат. Бала Кириск аман калсын үчүн, Орган чоң ата, Эмрайин ата жана Мылгун аке өмүр менен кош айтышат [3, 259-356-б.]. «Кылым карытар бир күн» романына толуктоо катары жазылган «Чыңгызхандын ак булуту» аттуу соңку повестинде да калемгер жамандык менен жакшылыктын, акыйкаттык менен жалгандыктын күрөшүнө өзгөчө көңүл бурат, сүйүүнүн, өмүрдүн жана өлүмдүн тыгыз өз ара байланышын көрсөтөт. Чыңгызхандын, Эрдененин, Догуландын жана Алтундун элестери аркыуу автор адам коомунун маанилүү баалуулуктарына карата өз мамилесин көрсөтөт [4, 244-305-б.]. Жогоруда айтылгандан көрүнгөндөй, улуу сүрөткер бардык повесттеринде өзүнүн баалуулуктук багыт алууларын кейипкерлеринин жосундары жана иш-аракеттери, монологдору жана диалогдору аркылуу берет. Биз мындан анын бардык повесттери ачык билингеен баалуулуктук мазмунга ээ экенин даана көрөбүз. Дагы, Ч. Айтматовдун повесттеринде лиризм, драматизм жана психологизм терең орун-очок алгандыгын айта алабыз. Анын чыгармачылык жекечелигинин ушул касиеттери ар бир жаңы повестинде улам даана көрүнгөн.

Чыңгыз Айтматовдун бардык романдары терең аксиологиялык мааниге ээ болушат. Анын романдарында жакшылык менен жамандыктын түбөлүк күрөшү сыпатталат, карапайым адамдардын руханий сулуулугу даңазаланат, моралдык жеңиш дайыма үстөмдүк кылат, акыйкаттык салтанат курат. Ушуну менен автор өзүнүн адамга болгон өчпөс сүйүүсүн көрсөтүүгө умтулат, анын артыкчылыктарын жана улуу сүйүүгө, улуу иштерге жөндөмдүүлүгүн бекемдейт. «Кылым карытар бир күн» романынын кейипкерлери Эдигей, Казангап, Абуталип, Үкүбала, Зарипа окурмандарды ички сулуулугу, таза ойлору, сүйүүгө, эмгекке жана үй-бүлөгө болгон мамилелери менен өзүнө тартышат [4, 4-477-б.]. «Кыямат» романынын кейипкерлери» – Бостон, Гүлүмжан, Авдий жөнүндө да ушундай өңүттө сөз кылууга болот [5, 5-393-б.]. «Кассандра тамгасы» романынын башкы кейипкерлери – Филофей, Роберт Борк, Руна Лопатина, Энтони Юнгер дагы тайманбастыгы жана адамгерчилиги менен суктандырышат [6, 5-271-б.]. Ал эми «Тоолор кулаганда (Түбөлүк колукту)» романынын кейипкерлери Арсен Саманчин менен Элес да өздөрүндө автордун адам жөнүндөгү идеалдарын катып турушат [7, 4-274-б.].

Чыңгыз Айтматовдун сүйүүсү жана гуманизми үч негизги багыттардан: аялга жана үй-бүлөгө болгон сүйүүдөн, жерге жана табиятка болгон сүйүүдөн, эстутумга жана тарыхка болгон сүйүүдөн көрүнөт.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы аялдардын көркөм элестери – Сейде, Жамийла, Асел, Алтынай, Толгонай, Алиман, Жайдар, Бүбүжан, Үкүбала, Зарипа, Гүлүмжан, Руна, Элес ж.б. – жашоо-өмүрдүн булагы, адеп-ахлактык өзөк жана бийик, курмандыктуу

сүйүүнүн символу катары чыгышат. Жамийла жалган ишенимдерди жеңген, эркиндикке умтулган жаңы, күчтүү аялдын мисалы болуп саналат. Толгонай – баарын кечирүүчү энелик сүйүүнүн жана трагедиянын алдындагы бекемдиктин камтылышы.

Ч. Айтматов табиятка өзгөчө урматтоо менен мамиле кылат, аны сүйөт. Автордун пикири боюнча, адам менен табият ажырагыс, табиятты талкалоо адамдын жанын кыйратуу менен барабар. Бул «Ак кеме» повестинде, «Кыямат», «Кылым карытар бир күн» романдарында өзгөчө ачык көрүнөт. Ошондой эле калемгер элдин өтмүшүнө, салттарына жана тарыхый эстутумуна сыйлоо, сүйүү менен мамиле жасайт. Муну биз «Кылым карытар бир күн» романынан көрө алабыз. Дагы сүрөткер адамдарды жоопкерчиликтүү болууга, келечекке сүйүү менен мамиле кылууга, илимдин жана илимий жетишкендиктердин пайдасы менен зыянын аңдап-түшүнүүгө чакырат. Бул «Кассандра тамгасы» романынан ачык көрүнөт.

Дал ошондуктан адабиятчылар анын чыгармачылыгы жөнүндө жылуу пикир айтышат, анын көркөм туундуларын жогоу баалашат. Мисалы, көрүнүктүү окумуштуу, академик А. Акматалиев анын чыгармаларынын маңызын төмөнкүчө мүнөздөйт: «Айтматовдун философиялык, психологиялык-көркөм концепциясы – кандай заман, кандай доор болбосун, кандай саясий система өкүм сүрбөсүн, кандай кыстоо башка түшпөсүн, адам адамдыгын сактап калуу керек жана адамзат коому дайыма адамдагы адамдык башаттын сакталышы үчүн күйөрман, тилектеш болуп, камкордук көрүшү керек экендигин чыгармалары аркылуу адамзатка ибадат айтып, эскертип туруу»» [1, 8-б.]. Бул баага биз толук макулбуз.

Ал эми белгилүү адабиятчы К. Асаналиев залкар жазуучунун чыгармачылыгынын мүнөзүн төмөнкүчө баалайт: «Бул чыгармачылык жолдо Ч. Айтматов өзүнүн алдына максималдуу милдеттерди койду, атайы түрдө оор, татаал карама-каршылыктарга, тоскоолдуктарга бет алды, улуттук чындыкты жергиликтүү кызыкчылыктын чөйрөсүнөн эмес, жалпы адамзаттык проблеманын өзөгүнөн өткөрүп сүрөттөдү, ошонун натыйжасында жаңы маанидеги масштабдуулук, эпика келип жарады» [9, 315-316-б.]. Албетте, залкар калемгер дайыма астына чоң-чоң максат-милдеттерди койгону анык.

Натыйжалары. Ошентип, Ч. Айтматовдун бүткүл адамзатка болгон соолубас сүйүүсүнүн башаттарын эстутум, абийир жана жоопкерчилик талаптарынан табууга болот. Калемгер сүйүү (адамга, үй-бүлөгө, табиятка, өтмүшкө) гана дүйнөнү руханий кризистен жана маңкуртчулуктан сактай аларына ишенген. Ал чыгармаларында өзүнүн баалуулуктар системасын, өзүнүн баалуулуктук багыт алууларын чагылдырган.

Эгерде Ч. Айтматовдун чыгармачылык жолундагы негизги этаптарды аныктасак, анда төмөнкү этаптарды бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Сапарынын башталышы (XX кылымдын 1950-жылдары): Кыргыз тилинде жазылган алгачкы аңгемелери жана повесттери. Бул этапта «Жамийла» повести аны «сүйүү жөнүндө дүйнөдөгү эң сонун баян» деп атаган Луи Арагондун аркасы менен француз тилине жарыялангандан кийин жазуучуну дүйнөгө таанытткан.

2. Чыгармачылыгынын гүлдөөсү (XX кылымдын 1960-1970-жылдары): Ири чыгармалары үчүн негизги тил катары орус тилине өтүү. Философиялык повесттерди жаратуу («Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт»). Бул этапта өзүмдүк стилинин – реализмдин, мифтин жана накылдын айкалышуусунун – бекемделиши болуп өткөн. Сүрөткерге көптөгөн сыйлыктарды ыйгарышкан жана анын көптөгөн чыгармалары экрандаштырылган.

3. Дүйнөлүк темаларга өтүү (XX кылымдын 1980-1990-жылдары жана андан кийин): Планеталык масштабдагы маселелерди көтөрүү жана пайгамбарлык мүнөздөгү роман-эпопеяларды жаратуу («Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандранын тамгасы», «Тоолор кулаганда (Түбөлүк колукту)»). Бул этапта сүрөткер планеталык масштабда жазуучу-пайгамбар жана гуманист катары таанылуу алган, анын чыгармалары дүйнөнүн 170тен ашуун тилине которулган жана 100 миллионго чукул тираж менен басылган.

Бирок, Ч. Айтматовдун ушунчалык жемиштүү жана ийгиликтүү чыгармачылык сапарында белгилүү бир кыйынчылыктар да учураган.

Биринчиден, бул бийликтер тарабынан цензуранын жана идеологиялык кысымдын болуусу менен байланышкан. Жазуучунун ал кездеги коомдун курч адеп-ахлактык жана социалдык проблемаларын козгогон чыгармалары, көп учурда расмий советтик сында талаш-тартыштарды жараткан. Мисалы, «Бетме-бет» повести каарман жоокердин эмес, коркок качкындын тагдыры баяндалганы менен талаш туудурган. Ал эми дүйнөгө таанымал «Жамийла» повестин майданда согушуп жүргөн эринин көзүнө чөп салуу үчүн жемелешкен. «Ак кеме» повести аягында бала өз жанын кыйгандыктан, «пессимизми» жана «ашыкча натурализми» үчүн айыпка жыгылган. Калемгердин даректине карата мындай негизсиз сын дээрлик ар бир ири чыгармасы боюнча айтылган.

Экинчиден, жазуучу чыгармачылык өсүүнүн жүрүшүндө ээ болгон философиялык тилинин татаалдыгы, окурмандардын, анын ичинде адабиятчылар менен сынчылардын кабыл алуусунда проблемаларды туудурган. Мисалы, мифологиялык элестерди (Мүйүздүү Бугу-Эне, Айым балык, маңкурт) жана накыл формаларын колдонуу кээде ачык-айкындыкты жана социалдык оптимизмди талап кылган түз сызыктуу советтик идеология үчүн анын чыгармачылыгын кабыл алууну татаалданткан.

Үчүнчүдөн, коомдук ролдорду айкалыштыруу жазуучудан чоң күч-аракеттерди жана убакытты талап кылган. Ч. Айтматов чыгармачылык ишмердүүлүктү мамлекеттик жана дипломатиялык иш менен ийгиликтүү айкалыштырган, бул чыгармачылыгынын жемиштүүлүгүнө таасир кылган, бирок мамлекеттин маданий саясатына таасир кылуу мүмкүнчүлүгүн берген.

Бирок Ч. Айтматов бүткүл дүйнө үчүн абийирдин жана гуманизмдин доошуна айланып, мында өз улуттук маданиятынын тамырларын терең сактап жана эл ичинде барктуу баалуулуктарды чагылдырып, идеологиялык алкактарды жеңе алган.

Талкуулоо. Эгерде Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын ой калчап окусак, анын чыгармачылыгы терең баалуулуктук резонанска ээ экени түшүнүктүү болот. Анын көркөм туундулары жөн гана турмуш жөнүндө баяндашпайт, ал эми адам табияты, моралы, жер жана маданият менен байланыштары жөнүндө түбөлүктүү маселелерди астыга коюшат.

Биринчиден, жазуучунун чыгармалары гуманизми жана моралдык-этикалык маселелерди көтөрүүсү менен айырмаланышат. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы борбордук баалуулук адам болуп саналат да, ал анын адеп-ахлактык тандоосуна чоң маани берет. Кейипкерлер жакшылык менен жамандыктын күрөшүнө орун берилген, адамдын чыныгы маныз көрүнгөн татаал турмуштук кырдаалдарга коюлушат. Мисалы, «Кыяматта» адилеттикти жана акыйкаттыкты издеген, рухансыздыкка жана ырайымсыздыкка каршы турган Авдий Каллистратовдун инсандык трагедиясы чагылдырылат. «Кылым карытар бир күндө» руханий кулчулуктун, тамырларын жоготуунун бийик формасы катары маңкуртчулук (тарыхый эстутумду жана өздүк аң-сезимди жоготуу) проблемасы козголот. Ошондой эле Ч. Айтматов бүткүл адамзатты боорукердикке жана кайрымдуулукка, ал адам же жаныбар болсун, алсыздарга активдүү боор тартууга жана коргоого чакырат, мунун мисалы «Кыяматтагы» жуп бөрүнүн тагдыры болуп саналат.

Экинчиден, сүрөткер эстутумдун жана тамырлар менен болгон байланыштын баалуулугуна көңүл бурат. Жазуучунун чыгармалары адамдын өз элинин тарыхы, маданияты жана туулуп-өскөн жери менен ажырагыс байланышын баса көрсөтүшөт. Ч. Айтматов кыргыз элинин мифтерин жана уламыштарын (мисалы, маңкурт жөнүндө уламыш, бугу-эне жөнүндө миф ж.б.) колдонуп, улуттук өзүн аңдоонун манисин белгилөөгө умтулат, дүйнөлөшүү жана бүткүл адамзаттын жашоо ишмердүүлүгүн унификациялоо шарттарында улуттук бирдейликти сактоо маселесин көтөрөт. Анын көркөм туундуларында табият адеп-ахлактуулуктун өзүнчөлүктүү чен-өлчөмү катары чыгат. Ал – жөн гана фон эмес, ал эми жандандырылган күч, ал адамдын жосундарына жана иш-аракеттерине жараша же аны кабыл алат, же жазалайт. Жазуучунун пикири боюнча, табият менен төптүктү бузуу адеп-ахлактык бузулуу менен барабар.

Үчүнчүдөн, калемгер адамзаттын өз келечеги үчүн түздөн-түз жоопкерчилиги барлыгын аңдайт. Ошондуктан анын чыгармачылыгы келечек муундардын жана бүткүл

дүйнөнүн астындагы жоопкерчилик сезимине каныктырылган. Ал экологиялык этиканы сактоого чакырат. «Ак кемеде», «Кыяматта» жана башка чыгармаларында табиятка карата керектөөчүлүк жана кайдыгер мамиле алып келген экологиялык кризис проблемасы курч коюлат. Сүрөткер өз чыгармачылыгында бирдиктүү дүйнө философиясын карманат. Ал тар улуттук проблемалардын алкагынан чыгып, жалпы адамзаттык, космостук маселелерди көтөрөт. Анын кейипкерлери көп учурда жалпы адамзат үчүн мааниге ээ дилеммалар менен кагылышат.

Төртүнчүдөн, жазуучу өзүнүн чыгармачылыгында түрдүү маданияттарды синтездейт жана өзүнүн стилистикалык жаңычылдыгын көрсөтөт. Ч. Айтматовдун прозасы элдик оозеки чыгармачылыктын салттарын жана азыркы жазма адабияттын жетишкендиктерин жуурулуштуруп, чыгыш жана батыш маданияттарынын ортосундагы көпүрө болуп саналат. Накыл формасын жана мифологиялык мотивдерди колдонуу авторго татаал философиялык идеялар жөнүндө жөнөкөй жана метафоралык тил менен айтууга, аны менен текстке мезгилден тышкары маани берүүгө жол ачат.

Корутунду

Ошентип, Чыңгыз Айтматов көркөм адабияттагы абдан ийгиликтүү чыгармачылык ишмердүүлүгүндө бүткүл адамзатка карата өзүнүн соолубас сүйүүсүн көрсөткөн. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы – бул дүйнөлүк адабиятка кошулган баа жеткис салым, ал окурманды дайыма адеп-ахлактык өзүн талдоого чакырат.

Анын көркөм туундуларында төмөнкү түйүндүү баалуулуктар бөлүнүп турушат:
- гуманизм жана кайрымдуулук;
- эстутум жана тамырлар;
- жоопкерчилик жана абийир;
- адамдын жана табияттын төптүгү.

Ал өзүнүн бардык окурмандарына эң оор учурларда да адам адам бойдон калуусу, өз жан дүйнөсүн жана түбөлүктүү акыйкаттыктар менен болгон байланышын сактоосу керектигин эскертет. Жыйынтыгында төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө болот:

1. Чыңгыз Айтматов – жөн эле жазуучу эмес, ал планеталык масштабдагы ойчул, анын чыгармачылыгы бүтүндөй бир доордун руханий жашоосун чагылдырат. Анын чыгармалары өзүндө чыгыш жана батыш цивилизацияларын айкалыштырып, көптөгөн муундар үчүн баалуулуктук багыттагычтар катары кызмат өтөшөт. Анын чыгармачылыгынын өзөктүү маселеси: «Канткенде адам уулу адам болот?», бүгүн да өзүнүн актуалдуулугун жогото элек.

2. Ч. Айтматовдун бүткүл чыгармачылыгынын өзөгүн бийик гуманизм түзөт. Жазуучу адамга ишеним менен караган, ал өзүнүн туундуларында жакшылыкты, жарыкты, сүйүүнү жана адамгерчиликти бекемдеген. Калемгер адам дүйнөнү жана өзүн өзгөртүүгө жөндөмдүү экенине ишенген. Анын адеп-ахлактык императиви азаптардын, адилетсиздиктин жана согуштун астында адамгерчилик бейнени сактап калууга чакырууда турган.

3. Ч. Айтматовдун эстетикасындагы башкы идея – мезгилдин жана урпактардын алдындагы жоопкерчилик. Ал маңкуртчулук (эстутумду жоготуу, өтмүшүн унутуу) проблемасын ачык чагылдырат: «Кылым карытар бир күн» романы тарыхый, уруулук-уруктук жана улуттук эстутумду жоготуу проблемасын ачык көтөрөт. Өтмүштү унутуу руханий өлүмгө алып келет. Ошондой эле сүрөткер тагдырлардын биригүүсүн каалайт, ал жеке инсандын тагдыры менен бүткүл элдин, бүткүл адамзаттын тагдырынын ортосундагы төп келген биримдикти издейт.

4. Ч. Айтматов бардыгын ажырагыс биримдикте камтууга аракеттенет – ал экологиянын проблемаларын адам инсанынын кыйроосу (адеп-ахлаксыздык) проблемалары менен тыгыз байланышта карайт. Ал табиятты адеп-ахлактуулуктун чен-өлчөмү деп эсептейт. Ошондуктан «Ак кемеде» Бугу-Эне ыйык, таза табияттын символу катары чыгат. Ага болгон мамиле – кейипкерлердин адеп-ахлактуулугунун чени. Анын пикири боюнча, табияттын өлүмү адамзаттын келечегинин өлүмүнө алып барат. Сүрөткер өзүнчөлүктүү экологиялык гуманизмин көрсөтөт жана Табият-Эне менен төптүккө кайтууга, адамзаттын экосистема үчүн жоопкерчилигин аңдап-түшүнүүгө чакырат.

5. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы – бул дайыма Жакшылык менен Жамандыктын, Өмүр менен Өлүмдүн түбөлүктүү маселелерин көркөм турмушка ашыруу. Согуштун жана зордук-зомбулуктун трагизми адамзат жалпылыгынын улуу бузулуусу катары автордун көптөгөн чыгармалары аркылуу өтөт. Ал адеп-ахлактык тазалыкты жогору баалайт, андан баш тартуу инсан аралык байланыштардын кыйроосуна, зордукка жана жалпы деградацияга алып келет. Анын идеалы төмөнкү болуп саналат: сулуулук, сүйүү жана жакшылык ажырагыс байланышта болуп чыгышат. Бийик маанидеги адам – бул ким Сулуулукту сезимтал кабыл алса жана Жакшылык жасоого жөндөмдүү болсо ошол.

6. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы маданияттар аралык жана конфессиялар аралык диалогго жана толеранттуулукка түрткү берип, маданияттардын ортосундагы көпүрөгө айланган. Анын чыгармалары адамзат болумунун эң бир өзөктүү суроолоруна жооп берип, авторду планеталык маанидеги фигура кылган. Калемгердин чыгармачылыгы бардык мезгилдерде миллиондогон адамдарга адеп-ахлактык таяныч жана руханий байлык тартуулайт.

Адабияттардын тизмеси:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: I том. Аңгемелер. Повесттер / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 480 б.
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: II том. Повесттер / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 472 б.
3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: III том. Повесттер. Драма / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 432 б.
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: IV том. Роман / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 488 б.
5. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: V том. Роман / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 400 б.
6. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: VI том. Роман. Аңгеме / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 368 б.
7. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: VII том. Роман. Драма / Ч. Айтматов. – Б.: «Турар», 2024. – 384 б.
8. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он эки томдук жыйнагы: VIII том. Дил маектер. публицистика. – Б.: «Турар», 2024. – 416 б.
9. Асаналиев К. Кыргыз эпосунун жаңы доору // Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. 3 томдук: I том. – Б.: «Кут-Бер», 2018. – 560 б.

УДК 811.512.141 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).543**

ИНСАНДЫК САПАТТАРДЫ ТУЮНТКАН ЛЕКСИКАЛЫК БИРДИКТЕРДИН МААНИЛИК ТҮЗҮЛҮШҮ (Ч. Айтматовдун "Жамийла" повестинин мисалында)

Жорооева Айнура Рахмановна
ОшМПУнун мамлекеттик тил кафедрасынын аспиранты
a73joroeva@gmail.com
orcid.org/0009-0002-1489-2794

СЕМАНТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА ЛЕКСИЧЕСКИХ ЕДИНИЦ, ВЫРАЖАЮЩИХ ЛИЧНОСТНЫЕ КАЧЕСТВА (на примере повести Ч. Айтматова «Джамиля»)

Жороева Айнура Рахмановна
Аспирант кафедры государственного языка ОшГПУ
a73joroeva@gmail.com
orcid.org/0009-0002-1489-2794